# Текстовой материал для девятого задания

**(Кыргыз акындары)**

Например:

Арстанбектин чыгармачылыгында орчундуу теманы эмне түзөт?

сүйүү ырлары

табият жөнүндө ырлар

маданият жөнүндө ырлар

заман ырлары – “Тар заманы”

В данном виде тестового задания нужно сделать единичный правильный выбор: из четырех вариантов ответа только один содержит правильный ответ. Все варианты данного задания построены на представленных ниже двух текстах (а не на всем курсе кыргызского языка), поэтому нужно проанализировать каждое предложение.

## Тексты, используемые для интерпретации задания в тесте

## ЗАМАНАЧЫ АКЫНДАР (АКЫНЫ-ЗАМАНИСТЫ)

| | |
|---|---|
| Кыргыз эли байыртадан залкар акындарга, комузчуларга, обончуларга жана ойчулдарга бай. | Кыргызский народ издревле богат на величественных поэтов, комузистов, мелодистов и мыслителей. |
| Ошондой заманачы акындардын бири ойчул Арстанбек Буйлаш уулу (1824–1878). | Один из таких поэтов-заманистов - мыслитель Арстанбек Буйлаш уулу (1824–1878). |
| Арстанбектин чыгармачылыгында орчундуу теманы заман ырлары – “Тар заманы” түзөт. | В творчестве Арстанбека значительное место занимают злободневные стихи – “Стихи скорби”. |
| “Тар замандын” өзүнө таандык обону, күүсү, кайрык кайталоолору бар. | У “Стихов скорби” имеется своя мелодия, рефрены. |
| Чындыгында, Арстанбектин ыры - заман зары. | В действительности, стихи Арстанбека – скорбь эпохи. |

| | |
|---|---|
| Жайлуу конуш – жер, суудан ажырап, өз алдынчалыгын жоготуп, орус империясынын бийлигинен жабыркап турган калк турмушун, социалдык ал абалын бир топ реалдуу чагылдырат. | Потерявшее комфортную среду обитания, источники воды, независимость, притесняемое российской империей население свое социальное положение отражало достаточно реально. |
| Ойчулдун “Тар заманын” өз жашоосунун күзгүсү катарында кабыл алган. | Оно (коренное население) “Стихи скорби” мыслителя воспринимало как отражение своего бытия. |
| “Тар заман” - акындын турмуштук коомдук-социалдык көз карашынын жыйындысы. | “Стихи скорби” – совокупность социально-бытовых взглядов поэта. |
| Ал чыгармасында заманды “азууларга бар заман, бечарага тар заман” катары мүнөздөгөн. | Эпоху поэт характеризует как “эпоху благоденствия хищников и эпоху скорби для беззащитных” |
| Калыгул Бай уулу (1785–1855) – ойчул, акылман, чечен. | Калыгул Бай уулу ((1785–1855) – мыслитель, мудрец, оратор. |
| Калыгул өз чыгармалары менен ырчылар поэзиясынын тарыхында зор из калтырган. | Своими произведениями Калыгул оставил неизгладимый след в акынской поэзии. |
| Айрым акындар анын ой, идеяларын улантып, “Калыгулдун сөзү эле” дедиртип эл арасына тараткан. 20-к-дын башында да “Акыр замандын” нугунда чыгарма түзгөндөр да болгон. | Отдельные поэты продолжали его мысли, идеи, выдавая свои стихи за «мысли Калыгула». В начале XX века были поэты, творившие в стиле «Эпохи скорби». |
| Акындын жеке чыгармачылык өнөрканасын ачык мүнөздөй турган өзүнө гана таандык турмуштук, коомдук-социалдык көз карашы, философиялык ой толгоолору, жыйынтык-корутундулары бар. | У поэта имеются характеризующие только его личную творческую мастерскую жизненные, социально-общественные взгляды, философские мысли и заключения. |
| Калыгулдун ойлору турмуш тиричилик жагдайдын тегерегинде гана болбостон, алар коом заман зары, анын келечеги, өлкөнү башкаруу иши, адеп-ахлактык, руханий дүйнө сыяктуу социалдык курч маселелерге арналган. | Мысли Калыгула были посвящены не только бытовым проблемам, но и таким острым социальным проблемам как удручающее состояние общества, его будущее, вопросы |

| | |
|---|---|
| | управления страной, нравственный, духовный мир людей. |

## УЛУУ ТӨКМӨ АКЫН, ОБОНЧУ, КОМУЗЧУ ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ

## (ВЕЛИКИЙ АКЫН-ИМПРОВИЗАТОР, МЕЛОДИСТ, КОМУЗИСТ ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ)

| | |
|---|---|
| Токтогул Сатылганов XX кылымдын биринчи жарымындагы акын өнөрүнүн эң ири өкүлү болгон. Токтогул акын өнөрүнүн бардык түрлөрүн мыкты өздөштүргөн. | Крупнейшим представителем акынского искусства первой половины XX в. был Токтогул Сатылганов. Токтогул владел всеми жанрами акынского песнетворчества. |
| Анын биринчи чыгармалары элдик ырлардын нугунда болгон. Булар – «Алымкан», «Насылкан», «Кызыл көйнөк» сыяктуу ырлар. | Первые его сочинения были созданы в духе лирических народных песен. Это песни «Алымкан», «Насылкан» (женские имена), «Красное платье» и др. |
| Андан соң чыгармачылыгында биринчи орунга саясый жана социалдык-сындоо мазмунундагы чыгармалар чыга баштаган, мисалы, «Беш каман» чыгармасы. | Постепенно на первый план в творчестве Сатылганова выходят произведения политического и социально-критического содержания, например, сатира «Пять кабанов» («Беш каман»). |
| 1898-жылы Анжиян көтөрүлүшүнө катышкандыгы үчүн Токтогул камакка алынып, Сибирге сүргүнгө айдалган. | В 1898 г. за участие в Андижанском восстании Токтогул был арестован и сослан на каторгу в Сибирь. |
| 1910-жылы Ата-мекенине Сибирден качып келген.<br><br>Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгын төрт мезгилге бөлүүгө болот. | После побега, он вернулся на Родину в 1910 году. Акынское песенное творчество Токтогула Сатылганова можно разделить на четыре периода. |

| | |
|---|---|
| Сибирге чейинки мезгилде Токтогул салттык лирикалык «секетбай», «күйгөн» сыяктуу эл ырларын аткарган.<br><br>Экинчи – сүргүн мезгилинде анын ырларынын башкы темасы болуп кайгы, өз жерине болгон кусалык эсептелинет. Алар – «Элиме качан жетемин?», «Туткундагы арман» ж.б. | В досибирском периоде он исполнял в основном традиционные народные песни — лирические «секетбай» и «куйген».<br>Главной темой песенных произведений второго, сибирского периода была тема неволи, мучительной тоски по родине. Ей посвящены песни «Когда вернусь я к народу своему» («Элиме качан жетемин»), «Арман узника» («Туткундагы арман») и т.д. |
| Үчүнчү мезгилге Сибирден кайтып келгендеги, Совет бийлиги орнотула элек мезгилдеги ырлар кирет.<br><br>Т. Сатылганов чыгырмачылыгынын акыркы мезгилинде - совет доорунда «Жашасын совет өкмөтү!», «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду?» ырларын жараткан. Алар салттуу «мактоо ырларынын» нугунда болгон. | Третий период охватывает песни, сочиненные акыном после возвращения из Сибири до установления советской власти в Кыргызстане.<br>В последний - советский период творчества Токтогул Сатылганов создал песни «Живи, советская власть!» («Жашасын совет окмоту!»), «Какая мать родила такого сына, как Ленин?» («Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду?»). По стилю эти торжественные песни напоминают традиционный гимнический жанр «мактоо ыры». |
| Т. Сатылганов улуу курактагы акын-ырчы, комузчулардын өнөрүн өркүндөтүп, ошол элдик музыкалык-поэтикалык өнөрдүн жаңы багыттарын аныктаган. | Т. Сатылганов творчески развил художественные традиции своих предшественников и открыл новые перспективы развития кыргызского народного музыкально-поэтического искусства. |